**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_________________ № _______

Бишкек ш.
г.Бишкек

## «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында «Медициналык жана фармацевтикалык ишти лицензиялоо процессин жөнөкөйлөштүрүү» маселесин ишке ашыруу боюнча ведомство аралык жумушчу топту түзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин 2026-жылдын 18-майындагы № 24-6087 тапшырмасын, ошондой эле «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында 100 күндүк мөөнөттө «Медициналык жана фармацевтикалык ишти лицензиялоо процессин жөнөкөйлөштүрүү» маселесин ишке ашыруу, медициналык жана фармацевтикалык ишти лицензиялоо процесстерин автоматташтыруу жана оптималдаштыруу, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн мөөнөттөрүн кыскартуу жана ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам:**

1. «Медициналык жана фармацевтикалык ишти лицензиялоо процессин жөнөкөйлөштүрүү» маселесин ишке ашыруу боюнча ведомство аралык жумушчу топ түзүлсүн.

2. Ведомство аралык жумушчу топтун курамы ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

3. Ведомство аралык жумушчу топ:

1) 100 күндүк мөөнөттө маселени чечүү боюнча, медициналык жана фармацевтикалык ишти электрондук лицензиялоого, ведомстволор аралык маалымат алмашууга басым жасоо менен, деталдуу Иш-чаралар планын иштеп чыксын жана аны ишке ашыруу үчүн зарыл чараларды көрсүн;

Мөөнөтү – 2026-жылдын 30-майына чейин;

2) багыттар боюнча топчолорду түзсүн (ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу, санарип модулдарын жана сервистерин иштеп чыгуу жана башкалар);

3) жумасына жок дегенде бир жолу кеңешме өткөрсүн жана Иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалыматты жума сайын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине киргизип турсун,

андан ары Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына баяндама жасоо үчүн.

4. Саламаттык сактоо министринин орун басарлары Б.К. Кадыралиевге жана Г.С. Ишкнапысовага, Медициналык жана фармацевтикалык кызматтарды лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы А.Ж. Осмоновго:

- ведомство аралык жумушчу топтун ишин уюштуруу-техникалык жана маалыматтык-аналитикалык жактан камсыздоо;
- жумушчу топтун ишине тартылган мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын өз ара аракеттенүүсүн координациялоо тапшырылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басарлары Б.К. Кадыралиевге жана Г.С. Ишенапысовага жүктөлсүн.

**Министрдин биринчи**
**орун басары** **Т.А. Мамадалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Мамадалиев Т.А.

КР ССМнин
№___ 2026-ж. ______
буйругуна 1- тиркеме

| № | Аты-жөнү | Кызматы |
| --- | --- | --- |
| 1. | Кадыралиеву Б.К. | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрдин орун басары (жумушчу топтун төрагасы); |
| 2. | Ишенапысова Г.С. | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрдин орун басары; |
| 3. | Осмонов А.Ж. | МжФЛБнүн бөлүм башчысы; |
| 4. | Шим Е.Л. | АРжУКБ бөлүм башчысы; |
| 5. | Субанова Н.А. | МжФЛБнүн башкы адиси; |
| 6. | Калыбекова Б.А. | МжФЛБнүн жетектөөчү адиси; |
| 7. | Ныязбаев Каныбек Ныязбаевич — | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Социалдык маселелер чөйрөсүндөгү мыйзамдар бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу (макулдашуу боюнча); |
| 8. | Алымбеков Искендер Мелисович — | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Салык кызматынын башкармалыгынын начальниги (макулдашуу боюнча); |
| 9. | Нурбаев Мурат Жекшалиевич | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография агенттигинин санариптик трансформация башкармалыгынын башкы адиси (макулдашуу боюнча); |
| 10. | Акматов Таалайбек Аманбекович — | «Түндүк» ААКтын саламаттык сактоону жана социалдык коргоону санариптештирүү департаментинин |

| | | |
|---|---|---|
| | | долбоорлорду координатору (макулдашуу боюнча); |
| 11. | Акматалиев Султан Русланович — | «Түндүк» ААКтын саламаттык сактоону жана социалдык коргоону санариптештирүү департаментинин бизнес-аналитиги (макулдашуу боюнча). |
| 12. | 6. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин өкүлү; | өздөрүнүн өкүлдөрүнүн кандидатурасын сунуштай алышпайт; |
| 13. | Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин кызматкери | Макулдашуу боюнча |
| 14. | Көз карандысыз эксперттер | Макулдашуу боюнча |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН